**КАРМЫШАКОВ М.А, МАМАТАЛИЕВ Ж.К.**
Ош МЮИ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ТРАНСПОРТТУК-ЭКСПЕДИЦИЯЛЫК УЮМДАРДЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИНИН КЭЭ-БИР ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Кыргыз Республикасында экспедиторлордун кызматы үчүн укуктук базанын жетишсиздиги, экспедиторлордун укуктук абалынын туруксуздугуна жана ошондой эле укуктук жөнгө салууда, ар кандай карама-каршылыктарга дуушар кылууда. Өлкөбүздөгү, транспорт экспедициялык кызмат көрсөтүү тармагынын калыптандыруу чарасы, жакындан бери жүргүзүлүп жаткандыгына байланыштуу, тармакттын ички рынокко ылайык келген өнүккөн ишкердүүлүк кызмат чөйрөсүндөгү адат дээрлик жокко эсе. Анткени менен, учурда эл аралык ишкердик кызмат тармагындагы адаттардын Кыргызстандын ички жана эл аралык транспорт экспедициялык мамилелерине таасири бар деп айтууга толук негиз бар.

Азыркы мезгилде эл аралык тажрыйбада улуттук экспедитордук эрежелер кеңири колдонулат. Мындай, кеңири колдонулган эрежелерди эл-аралык деңгээлде жайылтууда, ар кандай практиканы эл аралык деңгээлде жалпылаштырууда экспедиторлор коомдоштугунун эл аралык Федерациясы (ФИАТА)нын аткарган ролу өтө маанилүү.

Экспедиторлор коомдоштугунун эл аралык Федерациясы (ФИАТА) 1926-жылы 31-марта Австриянын борбору Вена шаарында түзүлгөн. Ага дүйнөдөгү 153 өлкөнүн 70 миңден ашуун экспедитордук компанияларынын улуттук ассоциациялары мүчө болуп саналат. Бул уюмдун негизги милдеттеринин бири – транспорттук кызмат көрсөтүү тармагын ар тараптуу өнүктүрүү, жана жалпылаштырылган эл аралык стандарттарды сунуштоо жана таратуу, БУУ Конфенренцияларын изилдөөгө катышуу, транспорт экспедициясына жалпылаштырган эрежелер менен тажрыйбаларды кошууга жардам берүү.

Экспедиторлор коомдоштугунун эл аралык Федерациясы (ФИАТА) башка эл аралык уюмдар жана институттар менен биргелешип, өзгөрүп, өнүктүрүлүп турган ташуу келишиминин талаптарына жооп берген стандарттар менен эрежелерди аныктайт жана ар кандай тийешелүү сунунштарды иштеп чыгат. 1996-жылы Каракас шаарында (Венесуела) ФИАТАнын Эл аралык конгрессинде «Экспедитордук эрежелер үлгүсү» (мындан ары кыскатылып үлгү эрежелер деп берилет) кабыл алынып, анда экспедитордук кызмат чөйрөсүн жөнгө салган улуттук нормативдик актыларды, улуттук башкы же жалпы экспедитордук эрежелерди даярдоодо үлгү катары колдонулат деген чечим кабыл алынган[1]. Транспорт экспедициялык ишмердүүлүктүн атайын эрежелери жок, көптөгөнөлкөлөрдө, улуттук экспедиторлор ассоциациясы кызматташуунун стандарттык шарттарын же башкача аталышы экспедитордук ишмердүүлүктүн жалпы (генералдык) шарттарын иштеп чыгышат. Мындай шарттар, келишим тараптарынын негизги милдеттерин, жоопкерчиликке тартуу учурларын жана деңгээлин аныктайт [2].

Ал эми, үлгү эрежелер нормативдик мүнөзгө ээ эмес жана укуктун булагы катары колдонулбайт. Ошондой болсо дагы, мындай үлгү эрежелер эл аралык тажрыйбада, мамлекеттин колдонуусундагы мыйзамдарына же жалпы экспедитордук эрежелерге таасир тийгизе албайт, жөн гана аларга шилтеме жасаганда мыйзамдуу күчкө ээ болуу менен эл аралык экспедитордук кызмат көрсөтүү үчүн гана эмес, мамлекеттин ичинде ишке ашырылуучу экспедитордук кызматтарга да колдонулат.

---

[1] Типовые правила ФИАТА, касающееся услуг грузового экспедирования (неофициальный перевод) // Веб-сайт ПСТ – компани // http: //pstc.ru.

[2] Кыргыз Республикасынын 18-январь 2000-жылкы № 24 Жарандык Кодекси (өзгөчө бөлүмү).

Кыргыз Республикасынын Экспедиторлорунун Ассоциациясы (мындан ары кыскатылып КРЭА деп берилет) 2004-жылдын февраль айында Бишкек шаарында түзүлгөн. Бүгүнкү күнү КРЭА ишмердүүлүгүнө кызыкдар жана жогорку деңгээлде кызмат көрсөтүүгө умтулган 10дон ашуун экспедитордук уюмдардын башын бириктирет. 2005-жылы КРЭА, ФИАТАга ыктыярдуу мүчө болуп кирген.

КРЭА коммерциялык эмес уюм жана ыктыярдуу мүчөлүктүн негизинде, транспорттук-экспедитордук ишкана, уюмдардын кызматташтыгын кеңейтүү, ишмердүүлүгүн координациялоо, укуктарын камсыз кылуу, ошондой эле жалпы кызыкчылыктарын коргоо максатында мамлекеттик органдарда, коомдук жана эл аралык уюмдарда өкүлчүлүк кылуу үчүн бириктирилген.

КРЭАнын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары:

- жалпы максатка жетүү үчүн, жалпы кызыкчылыктарды коргоо үчүн жана алардын ортосунда мыйзамсыз атаандаштыкты болтурбоо үчүн экспедиторлорду бириктирүү;

- Кыргыз Республикасынын ичинде жана чет мамлекеттердин территориясында бардык мамлекеттик, чет өлкөлүк жана эл-аралык уюмдарда Ассоциация мүчөлөрүнүн профессиионалдык кызыкчылыктарын сунуштоо, көрсөтүү жана коргоо;

- семинарларды, окутууну, симпозиумдарды, конкурсатарды, көргөзмөлөрдү, газета жана буклет чыгарууну, журнал жана башкаларды чыгарууну уюштуруу аркылуу Ассоциация мүчөлөрүнүн квалификациясын жана профессионалдуулугун жогорулатуу;

- экспедициялоону жогорулатууга жардам берген маалыматтарды ассоциация мүчөлөрүнө сунуштоо;

- ассоциация мүчөлөрүнө уюштуруучулук, маалыматтык, укуктук жана башка жардамдарды көрсөтүү [3].

Кыргыз Республикасынын Экспедиторлор Ассоциациясы, кыскартып айтканда КРЭА азырынча, улуттук жалпы эрежелерди кабыл ала элек. Ал эми, 1998 жылы Казакстан улуттук экспедиторлор Ассоциациясынын Конференциясында “Казак экспедиторлорунун ишмердуулугунун жалпы шарттары” бекитилген. Ошондой эле, Беларусь, Улуу Британия, Германия, Гонконг (Кытай), Канада, АКШ, Украина, Туштук Африка өлкөлөрүнүн улуттук ассоциациялары тарабынан, транспорт экспедициялык ишмердуулук чөйрөсүндө “кызматташуунун стандарттык шарттары” иштелип чыккан.

Ошентип, ФИАТАнын үлгү эрежелери милдеттүү мүнөзгө ээ эмес жана эл аралык да, ички да, транспорт экспедициялык кызматка колдонулушу мүмкүн.

Эскерте кетүүчү нерсе, кардар, түзгөн келишимди жөнгө салууда үлгү эрежелердин негизинде кабыл алынган “Стандарттык келишимдер” колдонулгандыгы тууралуу, ага кабарлоону алышы зарыл жана ошол документ менен таанышып чыгуусу керек. Адатта, экспедиторлор, кардарга табышталуучу коммерциялык документтин экинчи бетине ушундай стандарттык шарттарды түшүрүп (тиркеп) коет.

КРЭА мүчөлөрү болуп эсептелинген, транспорт экспедициялык уюмдар ФИАТАнын эрежелерин колдонуу менен, анын талаптары боюнча транспорт экспедициясы келишимдеринин жазуу формасын жетекчиликке алат.

Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында – транспорт экспедициясы келишиминин жазуу формасы караштырылган. Ушул форманы сактабагандык бүтүмдүн жараксыздыгына алып келбейт, бирок талаш-тартыш маселе жаралган учурда тараптардын келишим түзүлгөндүгү, анын мазмуну же аткарылуусу боюнча күбөлөрдүн көрсөтмөсүнө таянуу укугунан ажыратат. Сырткы экономикалык мамиледе жөнөкөй жазуу түрүн сактабагандык бүтүмдүн жараксыз болушуна алып келет4.

Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдары сырткы экономикалык мамилелерге карата диспозитивдик нормаларды кенири караштырат. Маселен, КР ЖКнин 1190-беренесине ылайык, бүтүмдүн формасы ал жасалган жердин укугуна багынат, бирок

---

[3] Ассоциация экспедиторов КР, интерн.сайт. //fofa@elcat.kg, //www.ffa.web.kg.

чет мамлекетте түзүлгөн бүтүмдү, эгер Кыргыз Республикасындагы укуктук талаптар сакталса, формасын сактабагандыгынын натыйжасында жараксыз деп табууга болбойт, эгер транспорт экспедициясы келишими Кыргызстанда түзүлө турган болсо, анда жазуу формасы сакталууга тийиш, ал эми  чет мамлекетте түзүлө турган болсо, анда каалаган формасы мыйзамдуу болот деп түшүнөбүз.

Үлгү эрежелеринде каралган «экспедитор» түшүнүгү кардарга экспедитордук кызмат көрсөтүү  үчүн келишим түзүшкөн жеке, же юридикалык жак деп аныкталат. Экспедитордук кызмат көрсөтүү  бул товарды ташуу, топтоштуруу, сактоо, коюучу жайга жайгаштыруу, упаковкалоо жана белгиленген жерге жеткизүүгө байланышкан ар кандай кызматтар, бажы документтештирүүсү, салык маселелерин чечүү, декларациялоо, камсыздандыруу, төлөмдөрдү төлөө, товарларга жана аларды ташууга байланыштуу документтерди толтуруу менен кошо, кошумча жана кеңеш берүү кызматтарын көрсөтүү деп түшүндүрүлөт.

КР ЖКнин 719-беренесинин 2-бөлүмү боюнча, кардар экспедиторго, эгер ал, анын милдеттерин аткара турган болсо же кардардын атынан аракет жасай турган учурда ал ага ишеним кат берүүгө тийиш.  Анткени, КР ЖК транспорт экспедиция келишиминин тапшырма же комиссия келишими боюнча мазмунун караштырат, ал эми ФИАТАнын үлгү эрежелеринде ишеним кат берүү жөнүндө эч кандай норма каралган эмес. Ал эми бул маселе КР ЖК боюнча, кардардын макулдугу менен транспортту, ташуу багытын тандап алуу жөнүндө келишимде түздөн-түз караштырылышы керек деп чечилген, демек экспедитор Эрежелерде караштырылгандай кеңири өкүлдүккө ээ эмес, ошондуктан келишимде, экспедитор тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын тизмеси анык көрсөтүлүүгө тийиш.